УДК: 894.2.341:82-3/-9(575.2)(04)

**Жусуева С.К.**
ф.и.к., КӨЭАУнун доценти

**ЖОЛ ОЧЕРКТЕРИНИН АДАБИЯТТАГЫ ЖАНР КАТАРЫ ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ**

**Жусуева С.К.**
к.ф.н., доцент КУМУ

**ПУТЕВОЙ ОЧЕРК КАК СВОЕОБРАЗНЫЙ ЖАНР В ЛИТЕРАТУРЕ**

**Zhusueva S.K.**
Ph.D., Associate Professor, KUMU

**THE UNIQUENESS OF THE TRAVEL NOTES GENRE IN KYRGYZ LITERATURE**

**Аннотация.** Макалада жол очерктеринин теориялык маселелери, алардын кыргыз адабиятында калыптанышы, орус адабиятынын белгилүү саякат жазмаларынын өнүгүшүнө тийгизген таасири талкууланат. Кыргыз адабиятындагы очерктердин жанрдык жетишкендиктери жана кемчиликтери талдоого алынып, К.Жусупов менен К.Бобуловдун очерктеринин мыкты үлгүлөрүнө идеялык-тематикалык талдоо жүргүзүлөт. Жыйынтыктап айтканда, окуялардын, кубулуштардын чабал сүрөттөлүшүнө, үстүртөн баяндалганына карабастан, очерк жанрынын калыптанышынын 30-жылдарынын жеке чыгармачылык тажрыйбасы жетишсиз болгондуктан, бул очерктер бул жанрдын калыптанышына жана өнүгүшүнө өз салымын кошкондугу белгиленет.

**Негизги сөздөр:** жол очерки, документалдык-популярдуу, эпистолярдык форма, спецификалык өзгөчөлүк, даректүү баян, көркөм образ, баяндама.

**Аннотация.** В статье говорится о теоретических вопросах путевых очерков, их формировании в кыргызской литературе, о влияние на их развитие известных путевых очерков русской литературы. Анализируются жанровые достижения и недостатки очерков в кыргызской литературе, так же проводится идейно-тематический анализ лучших образцов очерков К. Жусупова, К. Бобулова. В заключении отмечается, что описание и повествование событий и в 30-е годы сформирования очерк, как жанр эти очерки что внесло свой вклад в становление и развитие этого жанра.

**Ключевые слова:** путевой очерк, документально-популярная, эпистолярная форма, специфическая особенность, адресное повествование, художественный образ, повествование.

**Abstract.** The article deals with the theoretical issues of travel essays, their formation in the Kyrgyz literature, the impact on their development of famous travel essays of Russian literature. Genre analyzes the achievements and shortcomings of the essays in the Kyrgyz literature, also carried out ideological and thematic analysis of the best samples of essays K. Zhusupova, K. Bobulova. In conclusion, it is noted that despite the weak description, superficial narration of events, phenomena, due to insufficient personal creative experience of the 30s of the formation of the genre of essays, these essays have contributed to the formation and development of this genre.

**Key words:** travel essay, documentary popular, epistolary form, specific feature, targeted narrative, artistic image, artistic narrative.

Адам табияты боюнча дайыма жаңы нерселерди көрүүгө, угууга, билүүгө куштар. Адамдарда ар качан башка өрөөндөгүлөр, башка улуттагылар кандай жашашат, эмне менен тирлик кылышат, алардан үйрөнүп алчу турмушка керектүү кандай өнөрлөрү, турмуштук тажрыйбалары бар, жергиликтүүлөрдөн алардын артыкчылыктары эмнеде, кемчиликтери эмнеде деген суроолор кызыктырып келген. Жер кыдырып соода кылган кербендердин аңгемелерин берилүү менен угуп, бири-бирине түгөнгүс жомок кылып айтып беришкен. Орус адабиятынын тарыхын изилдөөчүлөр бекеринен жаңы орус адабиятынын башаты А.Н. Радищевдин "Петербургдан Москвага саякат" аттуу жол очерки сыяктуу документалдык-популярдуу көркөм баяндардан башталат деп белгилешкен эмес . Дегеле сапар окуясы оозеки чыгармачылыктабы же жазма адабиятпы көркөм сюжет куруунун негизги булактарынын бири. Жол очеркинде объектти таанып

билүү окурман үчүн чекесинен акырындап ачылып жүрүп отурат. Автор сапар багытынын жүрүшүнө ылайык мезгил, мейкиндик жактан туш болуу ирээтине жараша адамдарды, жагдай шартты жеке өзүмдүк талдоодон өткөрөт, окуяларды бандайт, далилдерди келтирет, ар кандай фактыларды мисалга тартат. Көз алдына тартылган жашоо-турмуштун ыңгайы, салт санаалар, социалдык контрасттардан келип чыккан жеке таасирлерди баяндап берүүнүн өзүнөн жол очеркинин спецификалык өзгөчөлүгү келип чыгат.

Жол очерки өзүндө портреттик жана проблемалык очерктердин элементтерин да алып жүрөт. Себеби, очеркчи өз сапарында көптөгөн кызыктуу адамдарга жолугат, жергиликтүү элдин жашоо образын, дүйнө таанымын жеткиликтүү айтып берүү үчүн айрым кызыктуу адамдар менен кенен ирээк таанышып, алар жөнүндө баяндап берүү очерктин кызыктуулугун арттырат. Ошондой эле ар бир жердин объективдүү, субъективдүү шарттарга жараша ар кандай проблемалары болушу мүмкүн. Сырттан байкоо салган адамга кээде жергиликтүү эл өзү да байкабаган кемчиликтер даана көрүнүшү мүмкүн. Ал түгүл очеркчи турмуш шарты алдыга өнүгүп кеткен өлкөлөрдө жүргөн сапарын баяндоодо да проблемалуу маселелер туурасында ой бөлүшкүсү келиши мүмкүн. Андай учурда салыштырмалуу артта турган өз өлкөсүндөгү проблемалар өнүккөнүөлкөнүн фонунда ачык көрүнүп, аны чечүүнүн жолдорун өнүккөн өлкө өз мисалында авторго жана ошону менен бирге эскертип жаткан болот.

Кыргыз адабиятындагы жол очеркинин көч башында Ж.Турусбековдун "Эпкиндүүлөр талаасында" (Кызыл Кыргызстан, 1931, 17-сентябрь), Ш.Көкөновдун "Эмгек жортуулчулары" (Кызыл Кыргызстан, 1931, 27-октябрь), "Түнкү коноктор" (Кызыл Кыргызстан, 1931, 3-ноябрь), М.Элебаевдин "Пахтачылар базарында" (Кызыл Кыргызстан, 1931, 22-ноябрь) аттуу очерктери турат. Бул чыгармачылык багытты андан ары Ж. Самагановдун "Боордош элдерде" (жол дептер, 1957), А.Токомбаевдин "Бээжинден белек" (1960), А. Абакировдун "Унутулгус күндөр"[1], К.Жусупов «Япония элестери», «Микеланджело мекенинде» [2], К.Бобуловдун «Алжир жеринде» [3], «Абхазстан –жан жыргалдын өлкөсү» [4], О.Султановдун "Ысык-Көлдөн Корсикага барчу жол" (1965), "Мухитке жол" (1977), С.Наматбаевдин "Эки дүйнө-эки жаштык" (1965), "Эркиндик аралында 22 күн" (1979), С. Наматбаевдин "Унутулгус жолугушуулар" (1982) жана башка авторлордун жол очерктеринде ийгиликтүү улантылды.

Ж.Турусбековдун "Эпкиндүүлөр талаасында" очеркинде кандайдыр бир каармандын эмгектеги эрдигин, эл арасындагы адамгерчилигин, болбосо дагы башка жакшы сапаттарын сүрөттөп келип, жаңы замандын жакшы адамынын кулк-мүнөзүн, психологиясын көрсөтүү менен колхоз талаасын көркүнө келтирген эпкиндүүнүн образын жаратууга далалаттануу жок. Мында эски менен жаңы турмуштун ортосундагы асман менен жердей айырманы элестүү формада көрсөтүүгө багытталган публицистикалык ой биринчи планда турат. Ал эми эпкиндүүлөрдүн талаасы болсо, ошол публицистикалык ойдун жаралышына себепкер болгон көрүнүш катары сезилет. Очерк эпистолярдык формада: "Абаке биздин түштүктү көздөй эпкиндүүлөр талаасын көздөй кара бука сүйрөп жөнөдү" [5; 3] деп башталат, андан ары алардын Анжыянга жеткендиги айтылат.

Автор Анжыянга барганда эски замандын убагындагы өзүнүн оор турмушун эстеп, ошондогу анжыяндыктар менен азыркы өзүнө окшоп Анжыянга келгендердин бири-биринен чоң айырмачылыгын байкайт. Андан ары автор турмуштук фактыларды реалдуу чындык түспөлүндө гана көрсөткөн, фактынын ички сырын чечип, ага карата өзүнүн таасирленүүсүн окуучуларга эмоциялуу түрдө тартуулагандыгы чыгарманын көркөмдүк сапатын бир кыйла күчөткөн. Ошондой эле эски замандын уу чеңгээли элестеп, анын туткуну болгон бей-бечаралардын онтогон үнү угулгансып, ал замандын эркеси болгон эсирген ээн-баштардын көңдөйлүгүн ашкерелеп берген. Очерктин башталышы окурманга ушундай таасир калтырат. Бирок чыгарманын андан ары өнүгүшүн шарттоого багытталган фактылар, окуялар автор тарабынан тандалып, теманын чечилишине ылайыкташтырылып пайдаланбастан, чогуу эл бойдон улай-чир-

кей тизмектете берген. Турмуштук байланыштар, көрүнүштөр, конкреттүү образ аркылуу көрсөтүлбөстөн, үстүртөн гана жалпы баяндалышы очерктин аягын солгундатып, баш жагындагы автордук ойдун эмоционалдуу кесепетинин булактап өсүшүн камсыз кылбай калган.

М.Элебаевдин "Пахтачылар базарында" [6] жол очеркинен отузунчу жылдары жаңыдан жанр катары калыптанып жаткан очерктерде тажрыйбанын жетишсиздигинен улам кетирилген кемчилик бар экени байкалат. Жазуучу изилдей турган обьектисине оңой менен жете албай, жол бою көргөн-билгендерин, кездештирген көрүнүштөрдү жаза берген, же жол боюндагыларга көп алагды болгон десек болот. Маселен, М.Элебеаев арабада баратып, жолдогу ашканалар, жатууга орун таппаган кыйынчылыктар, кимдир бирөө менен кер-мур айтышса, кимдир бирөө менен сырдашууга туура келгендигин саймедирейт. Ошентип отуруп, араң дегенде, чарчап-чаалыгып Базар-Коргон районундагы "Кеңеш" колхозуна жетет. Колхоз башкармасы менен сүйлөшүп, андан колхоздогу иштер, жетишкендиктер тууралуу маалымат алып, кайра жолго түшөт. Очерктин акырында колхоздун алдыңкы пахтачылары Москва, андан башка дагы жети шаарга экскурсияга кетип жаткандыгы баяндалат. Ошентип жол азабын тартып чаалыкан автор "Пахтачылар базарына" жетпей эле орто жолдон кайра тартат. Алгачкы үлгүлөрдөн болгон бул очеркке атайын назар бурган изилдөөчү К.Осмоналиев аталган очерк жанрдык жактан чаташып калгандыгын айткан: биринчиден чыгарма газеталык макала менен жол очеркинин ортосунда калгандай; экинчиден очерктин максаты алдыңкы пахтачылар менен тааныштыруу болсо, бул толук ишке ашкан эмес. Себеби пахтачылар жолго аттанып жаткан, ал эми очеркчи жолдогу окуяларды майдалап баяндоо менен алек болуп калган; үчүнчүдөн ой чачыранды берилип, төртүнчүдөн бул мүчүлүштүктөр очерк жанры тууралуу такталган теориялык эреженин жоктугунан чыгарманы редакциялабай туруп очерк деп жарыялашкан. Мындай кемчиликтерди Ш.Көкөновдун жол очерктеринде ачык эле көрүүгө болот. Анын «Эмгек жортуулчулары", "Ак алтын талаасында" очерктери өз алдынча бөлүктөргө бөлүнүп, анда Кыргыз Мамлекеттик театрынын артисттери Жалал-Абад районундагы Бек-Абад кыштагына келип, жергиликтүү колхозчуларга түнкүсүн оюн көрсөтүшсө, күндүзү алар менен кошо пахта теришкендигин жазат. Ш.Көкөновдун башка очерктеринде да ушул сюжеттик линия улантылгандыктан аларды жалпы бир тема катары кароого болот. Бул очерктерде пейзаж да, убап-чубаган эл массасы да, жол боюнда жана пахта талаасында жардам бере калган артисттердин дыйкандардын көңүлдөрүн көтөрүп, эмгекке шыктандырып ар кандай саясий жана коомдук жаңылыктады, өнүгүү-өзгөрүлөрдү жана колхоздун пайдасы үчүн күрөшүү, тап-душмандарына каршы күрөшүү сыяктуу үгүт-насаат жүргүзүшкөнү да камтылган. К.Осмоналиев очерктин кемчилдигин катуу сынга алып: "Кыскасы бул чыгарманы жаратуудагы автордун максаты ишке ашпай, анын далалаты андан-мындан терип-тепчип, араң чогулткан түрдүү эпитеттери, күчтүү метафоралары куру дүрмөт бойдон кала берген. Алар көкөлөтүп көтөрө турган көркөм образ, публицистикалык ой болбогондон кийин курулай эле ураалай берүүдөн ийгилик жарала бербесин автор эстебептир" деп көрсөтөт [7: 42-б]. Бул жылдардагы дээрлик көпчүлүк жол очерктеринин негизги пафосу да эмгекти, эмгекчил адамды даңазалоо болгон. Себеби отузунчу-кыркынчы жылдардын өзүндө коомдук турмуштун шарты жана шаңы жалаң эмгектенүү, болгондо да жумушчу, дыйкан, малчы ж.б. жумуштарга эмгекчилерди тартуу болгон. Адам тагдыры эмгектенүү менен гана коштолчу өмүр жолу. "Иштесең-тиштейсиң" деген кыргыз элинин накыл кеби ар дайым актуалдуу. Ал эми кээ бир очеркисттер көркөм образ, жандуу образ деген идеяга берилип, очерктерин фактыны ашыкча коздоп, боёк берип, жанрды аңгемеге сыпатташ кылып салышкан. Дегинкисин алганда, бул очерктер кыргыз очерктеринин калыптанышына чыйыр салып, жанрдын өнүшүнө өз салымын кошо алышты.

Очерк жанрынын пайда болуу жана телчигүү мезгилинде жарык көргөн жол очерктеринин жалпы эле абалы, мүнөзү ушундай болгон. Мунун эң башкы себеби авторлор туш келдифактылардын жана окуялардын негизинде очерк жаратууга ара-

кеттенип, ал фактылардын сырын чечүүнү, андан кийин гана темага түздөн-түз тиешелүүлөрүн бөлүпалып, адабий формага келтирүүнү этибар алышпагандыгында [7; 45-б.]. "Беш жылдыктагы белсемдүү эмгек" жол очерктеринин жыйнагында (Ф.Мектеп 1975) тогузунчу беш жылдыктагы үзүрлүү эмгектенип жаткан эмгек каармандары жана ири курулуштар, республикабызда өздөштүрүлүп жаткан дың жерлер жөнүндөгү очерктердин топтому.

Жол очерки даректүү баяндалган жөнөкөй, көлөмү кичине, майда чыгарма эмес, буга өзгөчө көңүл буруу зарылдыгын, ал гана эмес адабий чыгармалардын арасынан актуалдуулугун жоготпой тургандыгын баса белгилөөбүз абзел. Анткени жол очеркинде элдин каада-салты, оомалуу-төкмөлүү тарыхы, архитектуралык курулуштары, экономикалык абалы, адабий мурасы, уламыш-легендаларга айланган каармандары, байыркы жана бүгүнкү шаарлары, эл баатырлары жөнүндөгү таасирленүүлөргөөтө бай жана толкундоолорго, толгонууларга ширелген, бышылган ички сезими, жан түйгусу, дилгир санаасы сөздүн керемет ички поэтикасы жана сырткы музыкасы менен баяндалган чоң чыгарма. Маселен, К.Бобуловдун «Алжир жеринде» аттуу жол очеркинде СССР жазуучулар союзунан өкүлдөр Алжир жергесине адабий байланышты чыңдоо максатында барышкандыгы жана алжирликтердин намыскөй калк экенин, француз баскынчыларына узак жылдар бою укмуштай эр жүрөктүүлүк жана чыдамкайлык менен туруштук берип, натыйжада өз эркиндигин алган, тарыхый эстеликтерге бай, ошол тарыхый скульптураларын өз деңгээлинде сактап, урпактарга, келечекке өткөрүп берүү ар бир алжирликтин түздөн-түз милдети экендигин моюндап аткарышкандыгы кылдат, даректүү жазылган. Окуя ырааттуу баяндалып өнүгөт: алгач СССР Жазуучулар Союзу тарабынан кезектеги Совет адабиятынын күндөрү Абхазияда өтөрү белгиленип, ага Ю.П.Вороновдун жетекчилиги астындагы чоң делегация Е.Евтушенко, А.Вознесенский, Шукрулло, Петро Ребро жана Кыргызстан Жазуучулар Союзунан К.Бобулов барышканы, абхаздардын улуу жазуучусу Дмитрий Гулианын туулган күнүнүн 110 жылдыгына арналган салтанаттуу кеченин жүрүшү, атасынын жолун жолдогон анын уулу белгилүү жазуучу Георгий Дмитриевич Гулиа баштаган таланттуу, чыгаан инсандары менен чыгармачыл тыгыз мамиле түзүлгөндүгү, көп улуттуу совет адабиятынын көп кырдуу карым катышы, өз ара байланыштары, натыйжада совет адабияты ар түрдүү адабий салттардан турган дүйнөдөгү сейрек кезигүүчү феномен экендиги жана бул улуу адабияттын негизги маңызын, идеялык платформасын социалисттик реализм методу бекем бириктирип тургандыгы боюнча кызык талкуулар, тегерек столдор уюштурулгандыгы айтылат. Мындан сырткары Алжир жеринин кайсы жеринен караба шаңкайып көрүнгөн бийик эстелик 1954-1962-жылдардагы даңктуу күрөштүн улуу көсөмү Абд-аль-Кадырдын эстелиги, ага ар дайым баш ийип таазим кылышаары, Касбадагы эң байыркы мечит –Джамаа аль-Кебир (кыргыз тилинде чоң мечит) 1496-жылы курулуп, бүгүнкү күнгө чейин муңбай, не бир тарыхый доорлорду башынан кечиргендиги, андан ары бала кезинде география сабагынан уккан маалыматы боюнча эңсеген Сахара чөлүндөгү сапары, «Сахарада шамал күн менен кошо чыгып, күн менен кошо батаары», көп адам курмандыктары да ушул Сахарадагы кумду сапырган шамалдан болоорлугу, бирок Сахара (өздөрү Сахра деп да аташат) ысык өлкө болгону менен шаарларынын көрктүүлүгү, кооздугу суктандыргандыгы, ал эми чөлдөгү адамды азгырган закымдын азгырыгы канчалаган адамдарды мына сууга жетемин деген үмүт менен чөлгө чөгүп жок болушаары жөнүндө жазат. Автор «Каерге барбайын «Манас» менен Ч.Айтматовду паспорт кылып бетиме тутам. Өкүнүчтүүсү залкар эпосубузду башка элдердин жакшы билбегендиги» деп өкүнөт, бирок, алжир эли Ч.Айтматовдун чыгармаларын сүйүп окушарын, айрыкча «Жамийла» повестинин идеялык бөтөнчөлүгүнө кызыккандыктарына сыймыктанган. Очерк - бул өлкө тууралуу бүтүн бир чыгарма, анткени камтылбай, же айтылбай калган окуя жок, баары деталдуу, синтездүү баяндалган көркөм тилдик караждаттарга бай. Кара деңиздин жээгине байыртан отурукташып, чет элдик баскынчыларга, айрыкча Стамбулдук түрктөргө көп жылдар бою колония болуп, Осмон империясына

кызмат кылгандары, бирок Абхазстан үчүн ар-намыстуулук, эрдик менен күрөшүп, баатыр эл катары уламыш айтылган тарыхый окуялар камтылат. Очеркчи көркөм ойдон чыгарууну тарыхый көрүнүштүн маңызын ачып, тигил же бул фактынын коомдук саясий маанисин ачуу үчүн колдонот. Бирок ошол эле учурда очерктин башка түрлөрүндөгүдөй эле ал ойдон чыгарып кошуу фактылардын бурмалашына алып келбегендей болуш керек, башкача айтканда ар бир көркөм деталь реалдуу факт менен бир бүтүндүктү түзгөндөй болуусу керек [8,53].

Ал эми К.Жусуповдун XX кылымдын 60-жылдары жазылган «Италия жергесинде» деп аталып, мында журналист Италия мамлекетинде болуп, ал жерде көргөн-билгендерин ырааты менен эле кагаз бетине түшүрө койбойт, тескерисинче аны журналисттик жан дүйнөсүнөн өткөрөт. Италия элинин турмушун мындагы кыргыз элиндеги социалдык турмуш-тиричилик менен салыштырат. Өзгөчө жол очеркине мүнөздүү болгон байкоо жүргүзүү менен жазылган бул чыгарма кыргыз журналистикасына чейин очерк жанрында болбогон окурман менен «агынан төгүлүп» сырдашууга аракет кылат. Очерк жанрына карата мындай мамиле окурман өзү барып, өз көзү менен көрүп келгендегиден да таасирдүү абалга ээ кылган, көркөмдүүлүккө бай, бирдиктүү күчкө ээ көркөм-эстетикалык жактан бийик чыгармага айландырып таштайт. К.Жусуповдун жол очерктери биринчи кезекте узак өмүр сүрүүчү толук кандуу көркөм адабий чыгарма катары кабыл алынары шексиз. Автор Жапон өлкөсүнө жана Италиянын Рим, Генуя, Милан шаарларына жасаган жол саякатынын таасиринен улам "Кан жолдогу ойлор" очерктер жыйнагын окурмандарына тартуулап отурат. Жынактагы очерктер публицистикалык маанайда жазылып, сырт кы көрүнүштөрдү баяндоо менен ар бир көрүнүштүн ички маңызына, анын тарыхына үңүлүп кирүүгө умтулган. Жыйнактагы очерктердин сюжеттик линиясын жана фабуласын автордук "мендин" кызыктуу баяндоосу түзүп турат. Негизги каарманда автордун өзү. Жазуучунун лексикалык арсеналы бай, калеми ойдогудай эркин шилтенет. Ал эми «Япония элестери» жол очеркинде япондордун ашкере сылык мүнөздөрү, жада калса машиналары кагышып кетсе да, биздин чөлкөмдөгүлөрдөй бирин-бири күнөөлөбөстөн полиция келгенче бири-биринен кечирим сурап турган калк, маданияты, экономикасы өтө өнүккөн өлкө экендиги жөнүндө жазат. Чыгармада Фудзиямы тоосунун көрүнүшү, ал тоону сүрөткө түшүргөн жапон сүрөтчүсү Хонусайдын (1760-1849) аянычтуу тагдыры, улуттук сыймыкка айланган Гиндза көчөсүнүн ашкере сулуулугу, ар дайым жүзүн жылмаюу чалган бүтүк көз жапондордун меймандостугу, Токио калаасынын кымгуут түшкөн турмушу, кыйма-чийме көп. Кабаттуу жолдору, тиктесең тебетейиң түшкөн имараттардын өлчөмсүз бийиктиги, деги эле кол чатыр, сыналгы, компьютердин мекени болгон күнчыгыш өлкөсүнүн тарыхы-маданий абалы түркүн ракурста чагылдырылган.

Жыйынтыктар:

1. Очерк жанрынын калыптануу мезгили болгон отузунчу жылдарда жазуучу, журналист калемгерлерибиздин жеке чыгармачылык тажрыйбасынын жетишсиздиги, очерк жанрынын калыптанган адабий салтынын мурда болбогондугунун натыйжасында алгачкы очерк жанрлары уккан-көргөн окуяларга терең маани берип талдоонун ордуна окуя, көрүнүштөрдү үстүртөн баяндап жыш тизмектөө, супсак сүрөттөө, тил байлыгынын жардылыгы байкалган менен бул очерктер жанрдын калыптанышына чыйыр салып, очерк жанрынын өнүгүшүнө өз салымын кошо алышты;

2. Жол очерки отузунчу жылдардагы жазуучулардын чыгармачылык төшөлүшүнө, турмуштук тажрыйбасынын артылышына, чыгармаларына азык болчу кызыктуу сюжеттердин табылышына өбөлгө болду;

3. Отузунчу жылдардын башындагы жол очерктеринин автору М.Элебаевдин калеминен отузунчу жылдардын ортосунда "Узак жолдой" узак өмүрлүү көркөм чыгарма жаралды;

4. XX кылымдын 70-80-жылдарында К. Жусупов, К.Бобулов сыяктуу жазуучуларыбыздын калеминен жаралган жол очерктерин бул жанрдын жетилгендигинин күбөсү катары карасак болот.

**Адабияттар:**

1.Абакиров А.Унутулгус күндөр [Текст]/ А.Абакиров. -Ф.: Кыргызмамбас,1962. -68 б.

2.Жусупов К. Тулпар: Сапар, адабий ажар, ой толгоолор [Текст]/К.Жусупов. –Ф.: 1988. -336 б.

3.Бобулов К. Алжир жеринде [Текст]/ К.Бобулов / Чыгармалар жыйнагы.-Б.:2011.

4.Бобулов К. Абхазстан -жан жыргалдын өлкөсү [Текст]/ К.Бобулов.-Ала-Тоо,1985. -104б.

5.Турусбеков, Ж. Эпкиндүүлөр талаасында [Текст]/Ж.Турусбеков.-"Кызыл Кыргызстан",1931.

6.Элебаев М. Пахтачылар базарында [Текст]/ М.Элебаев.-"Кызыл Кыргызстан",1931.

7.Осмоналиев К. Кыргыз очерктеринин жанрдык эволюциясы [Текст]/ К.Осмоналиев. -Ф.: 1980. -56 б

8. Жусуева С.К., Исмаилова Б.Т. Формирование исторических очерков как литературный жанр в кыргызской литература. НОТ КУМУ 2019 (3), 114 стр.

УДК 811.512.1

**Долгова Алевтина Петровна**
Чувашский государственный институт гуманитарных наук
(г. Чебоксары, Российская Федерация)

## ЯЗЫК КАК ФАКТОР ЭТНИЧЕСКОЙ ИДЕНТИЧНОСТИ И ВОПРОСЫ МЕЖЭТНИЧЕСКИХ ОТНОШЕНИЙ: ОБЩЕЕ И ОСОБЕННОЕ В ИСТОРИИ И СОВРЕМЕННОСТИ КЫРГЫЗСТАНА И ЧУВАШИИ

**Долгова Алевтина Петровна**
Чуваш мамлекеттик гуманитардык илимдер институту
(Чебоксары ш., Россия Федерациясы)

## ТИЛ ЭТНОСТУК ИДЕНТТҮҮЛҮКТҮН ФАКТОРУ КАТАРЫ ЖАНА ЭТНОСТОР АРАЛЫК МАМИЛЕЛЕРДИН МАСЕЛЕЛЕРИ: КЫРГЫЗСТАН МЕНЕН ЧУВАШИЯНЫН ТАРЫХЫНДАГЫ ЖАНА АЗЫРКЫ МЕЗГИЛИНДЕГИ ЖАЛПЫЛЫК ЖАНА ӨЗГӨЧӨЛҮК

**Долгова Алевтина Петровна**
Чуваш мамлекеттик гуманитардык институту (Чебоксары, Россия Федерациясы)

## LANGUAGE AS A FACTOR OF ETHNIC IDENTITY AND ISSUES OF INTERETHNIC RELATIONS: COMMON AND SPECIAL IN THE HISTORY AND MODERNITY OF KYRGYZSTAN AND CHUVASHIA

**Аннотация:** В статье рассматриваются проблемы, связанные с языковой и этнической идентичностью и с ролью языков в межэтнических отношениях в полиэтничном обществе. Языковая и этническая идентичность – взаимосвязанные категории. Восприятие принадлежности себя к определенной этнической группе человек нередко соотносит с тем, каким языком он владеет и пользуется, или же какой язык принимает в качестве родного языка. Особенности этнической идентичности прослеживаются на примере исторической судьбы и аспектов современного социального положения двух тюркских языков – кыргызского и чувашского – и их носителей. Отмечаются некоторые общие черты и отличия, связанные с прошлым и настоящим кыргызов и чувашей. Предпринята попытка анализа динамики демографии этих языков с привлечением данных переписей, начиная с переписи населения СССР в 1989 г. и до 2020-х гг. в Российской Федерации и Кыргызской Республике. В результате исследования делается вывод о значении для языков немногочисленных этносов такого фактора, как знание второго языка, в случае чувашей и кыргызов в настоящее время это один и тот же язык – русский, хотя первые живут в составе РФ, а вторые являются титульным этносом суверенного государства – Кыргызстана.